**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**
**АТАЙ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**АТАЙСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын депутаттарынын кезектеги V сессиясынын

№ 36 ТОКТОМУ

02. 08. 2024-жыл Арал айылы

**Коомдук уугуну бекитүү жөнүндө**

Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүм башчысы З.Ташматовдун 2025-жылга карата күтүлүүчү бюджет 12594 миң сом, корголгон берене 2262 миң сом болуп эсептелген болжолдуу долбоорун угуп жана талкуулап,
Атай айыл аймагынын айылдык Кеңешинин V шайланган депутаттарынын кезектеги V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Бюджеттик кодексинин 79-берененин 8-бөлүмүнүн негизинде 2024-жылдын 1-августунда жергиликтүү Кеңеш менен биргеликте өтүлгөн коомдук угуу алымча кошумчасы менен бекитилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Атай айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А.К.Жаныбаевке жана финансы-экономикалык бөлүм башчысы З.Ташматовко милдеттендирилсин.
3. Кабыл алынган токтом жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялансын. Аталган токтом расмий жарыялангандан кийин , Жалал-Абад областтык юстиция башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн көчүрмөсү жиберилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Атай айыл аймагынын айылдык Кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, ишкердик иш жана экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Атай айыл аймагынын
айылдык Кеңешинин төрагасы Н.Т.Жээнбаев

Атай айыл аймагынын
айылдык кеңешинин
02.08.2024-жылдагы
№36 токтомуна 1- тиркеме

**Атай айыл аймагынын жалпы элдик чогулушунун**
**(Коомдук угуунун)**
**№ 7 ПРОТОКОЛУ**

«_01_»_08. _2024-_ж Арал айылы

Чогулуш башчысы:- А.К.Жаныбаев
Чогулуш катчысы:- Н.Нарматова
Катышты : _47___ адам

**Күн тартибиндеги каралуучу маселе:**

1. Коомдук угуу (Коомдук угуу боюнча бюджеттин долбоорун кароо)

**УГУЛДУ** :
**А.К.Жаныбаев**: Саламатсыздарбы урматтуу айыл тургундары. Бүгүнкү чогулуш ачык. Күн тартибиндеги 1-маселеге өтөлү. ФЭБ башчысы маалыматын берсин.

**ФЭБ башчы З.Ташматов**: 2025-жылга карата күтүлүүчү бюджет 12594 миң сом, корголгон берене 2262 миң сом болуп эсептелген болжолдуу долбоору менен айыл тургундарын тааныштырып өттү.

**ЧЫГЫП СҮЛӨШТҮ**:

**Б.Керезбеков (Арал айылынын тургуну)**: Жолдорду, көпүрөлөрдү оңдоого негизги көйгөй.
**З.Ташматов ФЭБ башчы**: 4 млн 783 миң сом акча калып жатат. Ушуга кандай көйгөй бар сиздер айтсаңыздар. Не көйгөй деп сиздерден сурап жатабыз.
**А.Жаныбаев айыл өкмөт башчы**: Баарыңыздарга түшүнүк берди. Коомдук талкууга кое турган акча 4,783 мин акча. Сиздер бул жумушту кылуу керек деп көйгөйдү айтасыздар, биз ошого жараша бөлөбүз. Ушуну сайтка коебуз. Силердин сунушту сайтка жарыялайбыз. Сунуш-пикириңиздерди берсеңиздер, сайтка жарыялап, анан 1 ай каралат. Анан депутаттарга беребиз. Мына биздин тургундардын көйгөйү деп. Алар ошол көйгөйдүн эң орчундусун карап, ошону сессияда бекитип беришет.
**А.Эпеев депутат**: Саламатсыздарбы урматтуу катышуучулар? Биздин түшүнүк боюнча, сиз түшүндүрүп кетсеңиз. Анан сиздин сөзүңүз жакшы угулбай калды. Основной киреше биздин булак боюнча 2 бөлүп жатпайсызбы, айыл анан жерлер боюнча. Основной сумма такталган жерлер боюнча канча сумма? Негизги местный бюджет. Сиз айтып жатасыз монобу местный бюджетке киреше деп. Анализдеп чыктыңызбы канчага чейин көтөрүлөт?
**З.Ташматов ФЭБ башчы**: Көтөрүлгөнү ушу.
**Б.Кураналиева депутат**: Саламатсыздарбы? Бюджеттин долбоорун жакшы түшүндүрдү бул жумуш да. Сизге чоң рахмат. Ушундай майдалап туруп түшүндүрүп бердиңиз. Сайтка да жарыяланса жакшы да. Киреше түшкөн жерде маалыматты так бербей элдин кыжырына тийген да болуп жатат да. Кайсы жерден киреше канча түшөт биз депутаттар жакшы билебиз да. Башка чыгымдар Анан 7 млн 780 болуп жатат да. Анан Эми 1- суроом: Мурунку Атай менен Көк-Ирим айыл өкмөттөрү кошулганда, бириккендеги айырма кандай

болуп калды? Кандай болуп калды. Айыл элине канчалык пайда болду. Канчалык деңгээлде плюс болуп жатат? Биринчи ушуну түшүндүрүп койсоңуз.
2- суроом: Башка чыгым 7 млн 733 миң болуп жатканда , 4 млн өтө аз. Кичине көчөнү жазаганда эле 7 млн чыгып кетип жатат да. Анан 4 млн өтө аз .Ушуга мобу жактан алса болбойбу? Башка чыгымдарга дагы эмне кирип жатат. Соц маселе ага тийиише албайбыз. Башка жагын карасаңыз.
3- Суроом: Президенттин өзүнүн сөзү бар. Өкмөт иштесе, айылдын ичине чейин жардам беребиз деген. Бирдикке кире бериште “Балык чарба” ачылып иштеп жатат. Ошого туристер келип жатат. Бирдиктин жашоосун, көчөсүн көрүп жатышат да ошого жарык керек. Жарыктандыруу коюп берсеңиз.
4-Суроом: Паркты айтсам. Бюджетке келип такалабызда. Ошо паркты Бирдик эли өзүнүн күчү менен , Мурат менен чогу чуркап, парк болду. Бирок ограждениеси жок. Анан ар жактан бери жакка суу алып өтүү керек. 4-5 труба керек. Азыркыга 2 труба болсо. Сайылган бактарды сактап калуу керек. Суу жок бактар куурап калат.
**З.Ташматов ФЭБ башчы**: Жана биринчи суроо, эмне пайда болду деgенге: пайда болду, иш сапары деген бар да, башта 2 айыл өкмөткө болсо азыр 1 эле айыл өкмөткө болду. Транспортный расход деген бар, ал да бир эле айыл өкмөткө болду. Негизи 500 миңге айырма бар. 7 млн 733 миңди азайтсак болбойбу деп жатпайсызбы. Мунун ичинде сапар чыгымдары бар. Текущий ремонт деген, хоз, конц товар 450 мин, көмүр 1 млн 650 миң деп жатабыз. Ком услуги 150 миң тазалыкка. Союз мүчөлүгүнө акы 2 сомдон 13 миң төлөйбүз. Муктаждарга акча коюу 140 миң, Бюджеттен 2% 500 миң сом (Энелер күнү дегендей) өкмөттүкү 3 млн 100 миң сом. Архитектура, Госрегистр, экотех услуги ушундайларга кетет. МЧСке ушуга кирет. Депутаттар чачыратып туруп коет. МЧСке көбүрөөк коюу керек экен. Тендерге коймоюн казына өткөрбөйт. Жеке кызыкчылыкка жумшалбайт. А/Ө бала бакчага , мектепке шарт түзүү. Мамлекетибиздин келечеги да.
**Б.Керезбеков (Арал айылынын тургуну)** : Мына жайытка Казармандын жарымы келишет, Жалал-Абадтын жарымы келишет. Мурда 800 миң болучу , азыр 2 айыл өкмөт биригип араң 1 млн болуптур. Бул эмне?
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы**: биздики 250 мин болчу, сиздердики 650 миң экен.
**Б.Керезбеков (Арал айылынын тургуну)**: Жок 800 миң болчу.
**А.К.Жаңыбаев а/ө башчы**: Эми биз кийинки жылга 1,5 млн коюп жатабыз. Анан кийинки жылды биз жайытты январь, февральдан баштайлы деп жатабыз. Баягы ошол айлардан баштап, Атайдын кireберишинен көпүрөгө пост коюп, ушул кирип жатканда эле жайыт акыны алалы деп жатам. Антпесе эч ким жайыт акы төлөбөйт экен.
**З.Ташматов ФЭБ башчы**: Бизде жайыттын бюджети аз болчу. Себеби бизде Атайда жайыт жок. Жайыт акы аз.
**Б.Нурманбетова (ФАП башчы)**: Саламатсыздар. Мен айтайын дегеним Сүйналы көчөсүнө шагыл төгүү деп койсоңуздар болобу эмдиги жылкыга?
**А.К. Жаңыбаев а/ө башчы**: Сүйналы көчөсү , Акматбек көчөсү, Турдубаева көчөсү 3 көчө планда бар. Сентябрьда өткөндө областык прокуратуранын башчысы менен биргеликте отурум болгон, бизге тапшырма берилген, жылдырчу жерди жылдырып, бузчу жерди бузуп, иш баштайбыз.
**Б.Нурманбетова (ФАПтын башчысы)**: ФАПты көрктөндүрүү боюнча, беседка коюу боюнча акча бөлүп берсеңиздер.
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы**: Сиздердики өткөрүлүп берилдиби?.
**Б.Нурманбетова (ФАПтын башчы**сы): Өткөрүлүп бериле элек .

**А.К.Жаныбаев а/ө башчы**: Анда бир аз акча карайлы. 2 беседка жазап берели. Ал биздин колдон келет. Жашылдандыруу-көрктөндүрүүнү өзүңүз колго алыңыз. Бак тигип, гүл тиккенди өзүңүз колго алыңыз.
**Б.Нурманбетова ФАПтын башчысы**: Ооба аны өзүм колго алам.
**З.Ташматов ФЭБ башчы**: Бул сайтка жарыяланат. Анан сиздердин сунушту канчалык деңгээлде эл колдойт ошого жараша болот. Сайтка кирип , активдүү катышуучу болуңуздар.
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы**: **Азыр интернеттин заманы. Элина ар бир нерсени сайтка киргизип турушунар керек. Ар бир акча каякка кетип жатканын эл көрүп турсун. Ачык болсун. Анан дагы айтып коелу сайтта эл кайсы көйгөйдү алып чыгат, ошону алып чыгабыз, ошол көйгөйдү сессияга сунуш кылабыз. Мен Т.Жээналиев көчөсүнүн тратуарын жасайын деп элге айтып жатам. Силер да жардам бергиле дедим. Анан мына сиздер менен чогу отурган , чогулуш өтүп жаткан залдын кебетеси. Биз сиздер менен эмне үчүн ушундай залда отурушубуз керек. Муну эмдиги жылга капремонтко берейин деп жатам. Быйыл сырты жазалат, эмдиги жылы ички бөлмөлөрү жана мына ушул биз отурган көрүү залы капиталдык ремонтко берилет. Ошого инвестиция тартайын деп жатам жана элге да айтып жатам колдогула деп.**
**К.Эпеев Арал а тургуну**: Коомдук угууда киреше, чыгаша , өйдө-ылдый болот. Кандайдыр бир ишкана ачылса көбөйөт. Негизи калып калган 4 млн го көчөлөрдү кароо керек. Каналдарды кароо керек. 4млн ду 4 айылга карайт экенбиз. Көп болсо 1 млндон экен. Эгер ушуну жакшылап карап алсак , айылдарды порядкага келтирип, проектиге жумшаса, талашпай элечи.
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы**: 2025-жылга карата күтүлүүчү бюджет 12594 миң сом, корголгон берене 2262 миң сом болуп эсептелген болжолдуу долбоору боюнча сиздер менен чогу карап чыктык, анда чогулушту жабык деп жарыялайм.

**Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап, Атай айыл аймагынын Арал айылынын жалпы элдик чогулушу (Коомдук угуу)**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

6. Арал айылындагы Т.Жээналиев көчөсүнүн тротуарын оңдоо иштери 2025-жылдын иш планына киргизилсин жана үлүштүк дем берүүчү грантка сунушталсын.
7. Арал айылындагы М.Жунушалиев атындагы маданият үйүнүн ички бөлмөлөрүнүн жана көрүү залынын капиталдык ремонт иштерин 2025-жылга жүргүзүү максатында долбоор жазылып, инвестиция тартылсын.
8. Инвестиция тартууга керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы инвестиция тартуу боюнча жетектөөчү адиси Замирбек к Анаркүлгө милдеттендирилсин.
9. Токтомду бекитип берүү жагы айылдык Кеңештин кезектеги сессиясына сунушталсын
10. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өз жоопкерчилигиме калтырам.

**Чогулуш башчысы:** **А.К.Жаныбаев**

Катчысы: Н.Нарматова

Атай айыл аймагынын
айылдык кеңешинин
02.08.2024-жылдагы
№36 токтомуна 2- тиркеме

**Атай айыл аймагынын жалпы элдик чогулушунун (Коомдук угуунун)**
**№ 8 ПРОТОКОЛУ**

«_01_»_08. _2024-_ж Атай айылы

Чогулуш башчысы:- А.К.Жаныбаев
Чогулуш катчысы:- Н.Нарматова
Катышты : _51___ адам

**Күн тартибиндеги каралуучу маселе:**

1. Коомдук угуу (Коомдук угуу боюнча бюджеттин долбоорун кароо)

**УГУЛДУ** :
**А.К.Жаныбаев**: Саламатсыздарбы урматтуу айыл тургундары. Бүгүнкү чогулуш ачык. Күн тартибиндеги 1-маселеге өтөлү. ФЭБ башчысы маалыматын берсин.
**ФЭБ башчы З.Ташматов**: 2025-жылга карата күтүлүүчү бюджет 12594 миң сом, корголгон берене 2262 миң сом болуп эсептелген болжолдуу долбоору менен айыл тургундарын тааныштырып өттү.

**ЧЫГЫП СҮЛӨШТҮ**:
**Абатов Сүйүнбек тургун**: Баардык эле айылдарда көйгөй бирдей эле жер маселе болуш керек. Ар бир жыгаанга соружение керек. Суу оонап кетет. Шлюз керек. Доржу каналда шлюз барбы. Аны да без проекти, кыргызча жазап жатасыңар да ээ. Ал деген тээтеги тоонун башынан келип, эме жалбырактар түшөт, толуп калат. Ага деген шлюз керек.
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы**: Берки этегине эле карап койсок болот. Башы ээ ал чоң проекти. Чоң суунубу ? Ага погрузчикти берип жатабыз. Канча жолу берип жатабыз. Мен билгенден Айбек сууну бир да үзгүлтүккө учуратпай берип жатат.
**Нургазиев Максат тургун: Б**орбордук көчөгө аллея түшүп калды, толук этегине 300 метрдей жерге аллея болбой калды, ошону бүтүрүп койбойлубу? Фондтон болобу донорлорго сунуштайлы, ушуну бүтүрүп койбойлубу? Бала чакага жакшы эле болуп калдыго? Ушуну протоколго киргизип койгула.
**Смайлов Таалайбек тургун**: жылына 1млндон алат мобу ортоңку көчөнү деле асфальттатыш керек да туурабы? Жаркынбай көчөсүн карап койбойсуңарбы?
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы**: Быйылкыга проектисин жазабыз.
**Смайлов Таалайбек тургун:** 1 млн бизге да карап кой
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы:** Сиз эми жанагы Кызыл-Октябрь боюнча, 5-6 млнбу проектисин жазатып бердим акимиатка. Алардын жүрөгү тушүп калды. Өзү 10 үй-бүлөө болсо дейт. Мен сиз өзүңүз айттыңыз дедим. Ага дагы проекти жазатыш үчүн 150 миң сом акча кетет экен. Светкечи. Азыр экспертизасы калды, экспертизасын бүтүрүп туруп колуна берем. Менде акча жок, мына 150 миң коротуп жазатып келдим деп айтам. Бирок трансформацияны бербей жатат да. Эгер Бишкектегидей басып алып турак жай салып алганда го , трансформация болуп калмак.
**Жапаңова Гүлбарчын тургун**: Султан көчөсүнө таза суу чыгарып бербейсизби?
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы**: Султан көчөсүнө таза суу эми, ага проекти өткөрүү үчүн өтө чоң акча каражаты керек. Быйыл мен арабдар менен сүйлөшүп жатам, анын үстүнө эки айыл кошулгандыгына байланыштуу мен шаарга да бара албай

жатам. Султан көчөсү өзү 2 ,5 км экен, сүйлөшүп койдум эле, буга да проетисин жазып, арабдарга проектисин жазып бергенбиз, берсе ун, май менен эле өзүбуз тартып келет элек. Самотек менен эле келет экен. Аны Атайдыкындай кылып, чоң проекти кылып киргизиш кыйын. Биз сиздерге жанагыдай кылып, эмдиги жылга өнүктүрүү фондко аракет кылалы сиздердикин.
Быйыл болбой кала турган болсочу.
**Асаналы у Нурсултан тургун**: Бизде Атай , Молотовдун таза суусу проблема болуп жатпайбы. Ошого деген Атайга мощность күчтүүрөгүн койдурбайлыбы? Эми бул жагынан сан-техника жагынан, суу жагынан кичине түшүнүгүм бар да. Насостун размери керек, ошону менен насостун мощныйын издеш керек.
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы**: Эми аракет кылып көрөлү, быйыл муниципалдык ишканага канча акча түшөт карап жатам, акчасы түшчү болсо насос алалы деп мен ага, айтып жатам, насос алып бересиңер деп. Анан эл да огород суугарбай карагыла. Счетчик койгондо жарымы акчасын бербей коюптур, жарымы болсо ушу коюлбаган бойдон турат экен. Нурбайга өткөрүп коюшуптур. Муниципалдык ишкананын жетекчиси чөптөн бошобой жатам деп жатат, эми чөбү бүтсө Атайга айдам аны, таза-суунун проблемасын бүтүрөсүң деп.
**Асаналы у Нурсултан тургун**: Счетчикти ар бир үйгө коюу керек. Люктарды карабайт. Ар ким тебелейт. Светти койгондой коюу керек.
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы**: Ал үчүн эл өзү казып даярдап бериши керек да
**Асаналы у Нурсултан тургун**: Эл даяр эле
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы**: Айтып жатпаймынбы, счетчикти ким койдурбаса, сууга төкпөсө сууну жабабыз.
**Асаналы у Нурсултан тургун:** Эми үчүнчүсүн дагы айтып коеюн биздин айылга күрөшкө, волейболго зал керек.
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы:** Эми аракет кылып жатабыз, экөөнүн тең проектиси бүтүп колубузда турат. Садиктер бүтмөйүн спорт залды кое тургула деп жатат. Көкүлов келгенде э байке сиз мен көргөн мектептерди көргөндө, спорт залды унчукпай каласыз деди.
**Мааданбеков Калкаман тургун**: Физрук алуу керек
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы:** Физрук ал , балдарды күрөшкө даярда деп жатам. Атай мурда күрөштө чыкчу эле , азыр эч жок экен. Директорго айтып жатам .
**Өмүралиев Айтбек тургун**: Суу Султан көчөсүнө жетет деп айыл башчы айтып эле жатат. Счетчик коюлса жетет деп айтты
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы**: Эми аны проекти болсо болду, болбосо ун, май менен эле алып коебуз аны. Самотек болот, аны светке да, счетчикке да төлөбөйсүңөр
**Жалилов Бакай тургун**: Эми суу менен эле бүтүрөлү. Жер алдында суу ылдый түшүп кетсе да суу аз чыгып калат экен. Же крылчаткадан кетет экен. Крылчатка жешилип калып суу аз чыгып калат экен. Ал жагын билбей эле ызылдай беребиз. Негизи буга атайын адисти алып келип каратып коюу керек. Анан запастап коюу керек насосту. Сунушум ушу запастап коюңуз.
**тургун** : Жаркынбай көчөсү каралбай жатат
**А.К.Жаныбаев а/ө башчы**: Чындыгында Аралда 3-4 көчө бар, Атайда Жаркынбай көчөсү бар. Марл Маркста дагы бир көчө бар, жылчу коргондор жылат, минимум 10 м жылат экен. Азыр айта бергиле, жылдыра беришсин. Жаркынбай көчөсүн жылдырып, жазайбыз. Аралдагы Рысалиев көчөсүн 8 м кылалы десек болбой коюшту, анан 9,5 м кылдык.
**Абдыкадыров Кубан Карл Маркс айылынын тургуну**: Карл Маркс айылында таза суу мутный болуп жатат. Таза суу аты эле болбосо?

**А.К.Жаныбаев а/ө башчы**: Эми проектиңер ошондой болуп өтүп калыптыр. Кара-Көңдөгү булактан алып келели деп жатабыз. Эсептеп чыкканбыз. Берки сарайдын алды аз экен. Жылдызбек аны эсептеп чыккан. Эми 2025-жылга карата күтүлүүчү бюджет 12594 миң сом, корголгон берене 2262 миң сом болуп эсептелген болжолдуу долбоору боюнча сиздер менен чогу карап чыктык, анда чогулушту жабык деп жарыялайм.

**Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап, Атай айыл аймагынын Атай айылынын жалпы элдик чогулушу (Коомдук угуу)**
**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Атай айыл аймагынын Атай, Карл Маркс айылдарындагы элдердин эң көйгөйлүү деп каралган таза сууга болгон муктаждыгы чечилсин.
2. Долбоор жазып донорлорго сунушталсын.
3. Инвестиция тартууга керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы инвестиция тартуу боюнча жетектөөчү адиси Замирбек к Анаркүлгө милдеттендирилсин.
4. Токтомду бекитип берүү жагы айылдык Кеңештин кезектеги сессиясына сунушталсын
5. Токтомдун аткарылышын козөмөлдөө жагын өз жоопкерчилигиме калтырам.

**Чогулуш башчысы:** **А.К.Жаныбаев**

Катчысы: Н.Нарматова